# ИСЛАМГА ЧЕЙИНКИ ТҮРК ФИЛОСОФИЯСЫНДАГЫ ПРОБЛЕМАЛАР

Доктор Исмаил Таш[*]

Коомчулуктун бүгүнкү философиялык түзүлүшүн түшүнө билүү үчүн өтмүштөгүсү менен жакындан байланыштыруу керек. Эч болбогондо философия тарыхындагы ордун жана маанисин ортого коюп, кайсы философиялык чөйрө менен байланышта болуп, бул күнгө чейин келгендигин системалуу түрдө колго алуу бүгүнкү замандагы анын артыкчылыгын жана жетишпеген жактарын көрсөтүп турат.

Ошондуктан исламга чейинки түрк философиясы күнүбүздө өтө маанилүү. Бирок, биз бул эмгегибизде " Исламга чейинки Түрк философиясын" жаратуудан мурда, исламга чейинки түрк философиясындагы бир канча проблемалардан сөз кылууну алдыбызга максат кылып койдук. Мындай изилдөө исламга чейинки түрк философиясын нурга бөлөйт деген ойдобуз.

Исламга чейинки түрк философиясынан сөз кылуу бир канча оорчулукту туудурат. Бул доорго байланыштуу болгон оорчулуктарга туш болушубуздун бир канча себептери бар.

Алгач, түрк тарыхындагы жана түрктөрдүн пайда болуу тарыхы, географиясынын белгилүү болушу да кыйынчылыктарды алып келет. Тарыхый шарттар жана жашоо тиричилигинен улам, дайыма тынымсыз жер которуп жашаган түрктөр, жер жүзүнүн бардык булуң-бурчуна жайылып кеткен. Ошондуктан, исламга чейинки түрк философиясын белгилүү чөйрө ичинде топтоо мүмкүн эмес.

Муну менен бирге исламга чейинки сөзүнүн мааниси да өзүнчө проблемаларды жаратууда. Исламга чейинки түрк тарыхы жана философиясы кайсы мезгилден башталат, кайсыл мезгилге чейин исламга чейинки мезгил болуп эсептелет? Түрк тарыхы жана философиясы жөнүндөгү бул суроолордун жообун, тигил же бул түрдө колго алуу мүмкүн эмес. Анткени түрк тарыхынын башталышы жөнүндө тарыхый маалыматтар бул темада тактоо жүргүзүүдө оорчулук туудуруп жатат. Муну менен бирге "Исламга чейинки" сөзү да түрктөрдүн белгилүү бир тарыхый доорун көрсөтүп турат. Түрк урууларынын составына кирген элдердин баары белгилүү бир мезгилде мусулманчылыкты кабылдагандай, ислам динине кирбестен түрдүү диндерди кабылдашып исламдан сыртта калган түрк элдери да бар. Чуваштар, Якуттар, Гагавуздар жана башкалар бар. Инсандардын жеке өзү динди кабылдашкандыгын эске алуу менен

[*] Селчук университети, теология факультети

түрктөрдүн топ-тобу менен ислам динин кабылдоосу 751-жылы Талас согушунда башталып, XVIII кылымга чейин созулган. Ошондуктан,“Исламга чейинки” сөзүнүн маанисин тарыхый жактан так маалымат коюучу маанисинде эмес, түрктөрдүн диний жана өзгөрүү мезгилин белгилөө иретинде колдонулган түзүлүш катарында түшүнүү керек.

Исламга чейинки түрк ой-жүгүртүүсүнө байланышкан дагы бир башка проблема так маалымат берген адабияттардын аздыгы. Бул доордо түрктөр канчалык деңгээлде көктүрктөр заманынан баштап жазууну колдоно башталган жеке кишиге таандык чыгармалар жана философиялык эмгектер азырда колубузда бар. Бүгүнкү күндө колубузда болгон түркчө чыгармалар эскерүү жазууларынан турат.

Көктүрктөр мезгилинде абал ушундай болсо, уйгурлар заманында жазуунун көп колдонулгандыгын көрөбүз. Бул доордогу жазуулар болсо мазар жазууларында байкалбайт. Жазуу китеп тили катарында колодонула баштаган. Бирок, бул учурда диний багытта китеп тили катарында колдонула баштаган түрк тили, исламды кабылдаганга чейин атайын эмгектер жаратылбаган.

Бүгүн, XVIII-XIX кылымдарда Батыштан чыккан алгачкы окумуштуулардын Орто-Азияга көңүл буруулары жана алардын Орто-Азияга жасаган саякаттарынын натыйжасында табылган уйгур тилинде жазылган таш жазууларынын көпчүлүгүн Санскритчеден же Кытай тилинен которулган диний текстер жана ангемелер түзгөн.

Орто-Азиядагы улуттардын эң байыркы культурасы, археологиялык изилдөөлөрдүн натыйжасында б.з.ч. IV миң жылдардан баштап билинет. Бул абал материалдык культура жана тарыхый жактан өтө маанилүү. Бирок, жалгыз материалдык культуранын калдыктарына таянып, ошол доордо жашап өткөн адамдардын ой-жүгүртүүлөрүн канчалык даражада изилдөө мүмкүн? Бул калдыктар жогоруда айтылгандай бир тарыхчы, бир археолог тарабынан түрдүү жакындатууларда колдонот. Бирок. ой-жүгүртүү сыяктуу оор теманы колго алып изилдөөдө мындай маалыматтардан пайдалануу өтө оор.

Төмөнкү нерсени белгилей кетүүбүз зарыл, исламга чейинки түрк ой-жүгүртүүсү диний ой-жүгүртүү менен жакындан байланышкан. Б.Спум белгилеп кеткендей диндин болушу, диний насааттарга же жазылган булактарга байланыштуу. Абал ушундайча болгондуктан жалгыз көктүрктөрдүн дини жөнүндөгү туура маалыматтар бар. Ошондуктан алгач булардын диний ой-жүгүртүүлөрү менен алектенүү керек[1].

Анда эмесе исламга чейинки түрк ой-жүгүртүүсү жөнүндө маалымат берген булактар кандай булактар болуп саналат? Муну изилдөө керек.

Түрктөрдүн өзгөчө көчмөн турмуш образын жактыруусу, алардын тарыхы жөнүндө алгачкы маалыматтардын билинбей калышына, бир канча маалыматтар болсо түрктөрдүн жашаган географиялык чөйрөсүнө коңшу болгон элдер жөнүндөгү маалыматтарга көз-каранды болууга аргасыз кылат. Ошондуктан түрк ой-жүгүртүүсү жөнүндө маалымат берген жазылуу булактар эки бөлүккө бөлүнөт: түрктөр жөнүндө маалымат берген түркчө жазылган булактар жана чет тилинде жазылган булактар.

А. Түрктөр жөнүндө маалымат берген чет тилдеги булактар

---

[1] Bkz. Betold Spuler, “Gokturklerin Dini Kulturu hakkinda mulahazalar, VIII, Turk Tarihi Kongresi, T.T.K. Ankara 1981 II том. 659-663-беттер.

Түрктөр жөнүндөгү алгачкы маалыматтар бизге кытай булактарынан кездешет. Кытай булактары Хундар заманынан башталып Көктүрктөр, Уйгурлар жана кыргыздардын диний ой-жүгүртүүлөрү туурасында маанилүү маалыматтарды калтырган. Бүгүнкү күндө түрктөргө байланыштуу текстер, түрдүү изилдөөчүлөр тарабынан ар кайсы тилдерге которулган.

Кытай тарыхчыларынан башка, бир канча Батыш тарыхчылары да түрктөрдүн тарыхына байланыштуу маалыматтарды беришүүдө. Византиялыктардын Батыш көктүрктөр каганатына жиберген Замеркос башчылыгындагы элчилик делегациянын берген маалыматтары аз да болсо түрк диний ой-жүгүртүүсүндө өтө маанилүү. Айрыкча, Руброук, Ж.П. Коррин жана Марко Полонун жазган саякатнамаларында түрк динине байланышкан кеңири ачыктоолорду келтиришкен, өзгөчө Руброук айрым толуктоолорду жасаган[2].

Чет элдик булактардан башка маанилүү чыгармалардан бири арапча адабияттар болуп саналат. VII кылымдан баштап түрктөргө туш келген араптар, булардын арасынан өзгөчө арап тарыхчылары, географтары жана саякатчылары түрктөр жөнүндө бир канча маалыматтарды беришкен[3]. Бул булактардан, түрктөрдүн диний ой-жүгүртүүлөрү жөнүндө анча-мынча маалыматтар бар. Булардын берген маалыматтары, түрктөрдүн диний ой-жүгүртүүсүн ортого коюу үчүн да жеткиликтүү эмес. Ошондуктан, бул чыгармалардан аз да болсо пайдаланууга мүмкүн.

Араб тилинде жазылган чыгармалардан азыркы учурга чейин келген жана эң көрүнүктүү аалым болуп таанылган ибн Фадланын саякатнаамасында[4] Булгарлар, Огуздар жана Башкурттардын диний ой-жүгүртүүлөрү жөнүндө бир канча маалыматтар жана замандаш түрк элдеринин социалдык, экономикалык жана жашоо турмушу жөнүндө так маалыматтар жана сүрөттөөлөрдү табууга болот. Бирок, саякатчылардын берген маалыматтары дайыма туура деп айтууга болбойт. Аларда антропологиялык жана этнографиялык маалыматтардын болушу менен бирге, негизинен кээ бир окуялардан негиздүү толуктоолорго жана бир канча туура эмес маалыматтардын берилгендиги белгилүү.

Мисалы ибн Фадла айткандай “эркектер жана аялдар дарыяга толуп жып-жылаңач абалда бирге жуунушууда, бирок зына кылышкан жок...” сөзүн X кылымда булгарлардан күмөн санагандардын болгондугу маалымдалган. Бирок, булгарлар IX кылымдан тартып мусулман болушкан. Болжол менен бул маалымат ибн Фадлан тарабынан Михаил Башту, ибн Тебирин 882 ге жакын жазган булгар дастанынан алынган. Бул дастанда путпараст сабандыктардын жогоруда айтылгандай суудa жуунушкандыгы баяндалат. Сабандыктар болсо кыпчак урууларынын ичинен чыккан кичине уруу[5].

Түрктөр жөнүндө маалымат берген түркчө булактар

---

[2] U.Gunay-H.Gungor, Baslangicnan Gunumuze Turklerin Dini Tarihi, Ожак басмасы, Анкара 1997. 29-бет

[3] Арап географтарынын жана тарыхчыларынын чыгармалары жана батыштагы чыгармалардын түрктөр жөнүндө берген маалыматтары кайсыл багытта берилгендиги туурасында болжолдуу маалымат үчүн караңыз 5.6. Agatjanov Ocerki Istoriy Oguzov i Turkmeni Sredney Azii IX-XIII V., Ashabad 1969.

[4] Ибн Фадланын саякатнамасы Рамазан Шешен арабынан түркчөгө которулган. Караңыз: Ibn Fadlan Seyahatnamesi, Bedii X., Istanbul 1995

[5] Караңыз: Mihail Bastu Ibn Sems Tebir, Sfn Kizi Destani, которгон Avidan Aydin, , K.B. V. Ankara 1991. S. II-IV

Исламга чейинки ой-жүгүртүүсү жөнүндө маалымат берген булактардын негизги бөлүгүн түркчө булактар түзөт. Булардан кээ бир бөлүгү көктүрк альфавитинде, бир бөлүгү уйгур альфавитинде жана бир бөлүгү да арап альфавитинде жазылган.

Эски түрк ой-жүгүртүүсүнө байланышкан түркчө булактардын бири Энисей жана Орхун дарыяларынын жээктеринде тизилген, Енисей жана орхун абиделери (таш жазуулары) деп аталган жазуулар. VIII кылымда жаңы көктүрктөрдүн доорунда Күлтегиндин, Билге Кагандын жана Тоникуктун наамына жазылган Орхун абиделери, түрк ой-жүгүртүүсү, түрк саясат философиясы жана түрктөрдүн коомдук түзүлүшү жөнүндө кеңири маалыматтарды берген түркчө булактар болуп эсептелет.

Бул булактар канчалык деңгээлде түрк ой-жүгүртүүсү жөнүндө так маалымат бере албаса да, түрк диний ой-жүгүртүүсүндө негизги фундамент катарында Теңир, Идук, Умай, Жер-Суу[6] сыяктуу түшүнүктөр кездешет. Кээ бир изилдөөчүлөрдүн айтканына караганда бул булактар, түрк ишениминде негизги түшүнүктөрдү колдонуунун ордуна, чындыкта жашаган байкоо түшүнүгүндө колдолунуп, ошентип коомдун өзүнүн түздон-түз өз эне тили менен чагылдыруу өтө бийик маанини берип турат. Айрыкча окшош түшүнүкторду өз ичине камтыган дагы жүздөгөн жазуулар бар.[7] Учурда бул жазуулурдын көпчүлүгү басылган.[8]

Көктүрк тамгалары менен жазылган жазуулардан башка, өзгөчө түрк тилинде кеңири колдонулган уйгур тамгалары менен жазылган булактар бар. Бүгүн дагы басылбаган бир канча таш жазуулары бар. Кеңири тарагандардын арасында, W. Bong- A. Von Gobam тарабынан “Turkische Turfan Texte” аты менен жайылган текстер, “Altin Yoruk”, “Kuarsi im Pusar” (үн уккан Кудай), “Huastuanif”, “жакшы жана жаман принцтин окуясы” жана мани дининин уйгурлар тарабынан кабылдагандыгын түшүндүргөн “Кара Баласагын жазуусу” эмнелерди гана сүроттоп турат.

Исламий доорго каршы болуу менен бирге дагы исламга чейинки ой-жүгүртүүсү жана сөздөрдүн чагылдырылышы жагынан XI кылымда Кашкардык Махмуддун “Дивану лугатит-Түрк” аттуу чыгармасы менен, Юсуф Хас Хажиптин “Кутатгу билиги” жана Огуздардын дастаны катары эсептелген “Деде Коркут” китеби исламга чейинки түрк ой-жүгүртүүсүндө маанилүү рол ойнойт.

Булардын ичинен “Дивану лугатит-түрк” арап тилинде жазылып, түркчө үйрөтүү максатында калемге алынган болсо да мазмунун заманына жана исламга чейинки түрк философиясына таандык этнографиялык, антропологиялык жана диний маалыматтарды өзүндө камтышы маанилүү. Ошол эле учурда “Деде Коркут” китеби исламга чейинки жана исламдан кийинки доордун тарыхынан сүрөттөөлөр берилген[9].

---

[6]Тенир, Идук, Умай, Жер-Суу терминдерин жөнүндө маалымат үчүн караңыз: Ismail Taş, Islam Felsefesinin Tesekkulune katkilari acisindan Islam Oncesi Turk Dusuncesinde Kozmogonik ve kozmolojik meseleler, басмадан чыга элек доктордук диссертация, Konya 1999, 38-58 беттер.

[7] U.Gunay-H.Gungor-, a.a.a. 28.бет

[8] Караныз: С.Е. Малов, Памятники древнетюркской писменности, Академия наук СССР, Москва 1951 Ленинград J.H.Namuk Orkun, Eski Turk Yazilari, (I-IV) TTK. Анкара, 1994

[9] Ислам чейинки жана исламдан кийинки төңкөрүштөр жөнүндө караңыз: M.Bilgin Sodani, Deli Dumrul’un Bilinci (Turk- Islam Ruhu) uzeme Bu kultur Psikolojisi denemesi Metis Y., Istanbul 1997.

Ошондуктан "Деде Коркут" дастанындагы эң байыркы доорлордогу эскерүүлөрдү, мезгил-мезгили менен географиялык чөйрөнүн таасири менен жаратылган жана бизге жеткен эпостор катары эсептейбиз[10]. Анткени оозеки түрүндө айтылып келген эпос менен кара сөз түрүндө жазылган эпос бирдей өзгөчөлүктө эмес. Жазууга түшүрүлгөн эпосто, оозеки түрүндө айтылган эпостон алынган кээ бир элементтер бар. Эпос алгачкы маани-манызы менен универсалдуу түзүлүшкө ээ. Байыркы Грек мифологиясын жана ангемелерине окшош болушу мындай түзүлүштө сахналаштырылышы жаратылыштан[11].

"Деде Коркут" китебинде жазылгандай ислам маданиятынын өнүккөн доорунда колго алынган Огуздарга байланышкан Огуз дастанынын бөлүкчөлөрдүн бардыгы исламдан кийинки доорго таандык. Булардын ичинен "Огуз Каган" дастаны исламга чейинки доордон калган дастан болуп саналат. Бул дастандарда тарыхта алгачкы доорлордо колго алынгандыктан, жазылуу булактар катары кабыл алынган.

Жазылуу булактардын тышында исламга чейинки түрк философиясынынын калыптануусуна жардамчы болгон кийинки булактар оозеки түрүндө айтылган булактар.

Оозеки булактар

Жогоруда белгиленгендей жазылуу булактардан тышкары ошол эле учурда кытай булактарында өткөн түрк улуу дастандарында жазылуу булактар категориясын баалашууда. Булар жазуу түрүндө кабыл алынган дастан катарында айтылууда. Муну дастан катарында эсептөө туура эмес. Анткени дастандар методологиялык жактан жана мазмуну жагынан бир канча чоң олчомдо болууга тийиш. Дастандар негизинен бир системалуу түрдө жазылган жана узун окуялар б.с. Ошондуктан жогоруда аталган курама дастандар тарыхсыз доордо пайда болгон чыныгы дастан салттарынан калган калдыктар же бир бир бөлүк б.с. Ошондуктан бул дастандардын калдыктарын дастан дегендин ордуна мифология деп атоону туура деп эсептеймин[12].

Жогоруда көрсүтүлгөн бир канча түрк дастандарынын саны чектүү. Булардын ичинен эң маанилүүсү "Манас" эпосу жана "Деде Коркут" дастаны болуп саналат. Би оозеке түрүндө айтылып келген негизги булактар жогоруда айтылган мифология б.э. Бул булактар эң байыркы доорлордо, окумуштуулардын изилдөөлөрүнүн натыйжасында жазууга түшүрүлгөн. Бул булактардын акыркы убактарда жазууга түшүрүлүшү, жазылуу булактар деген түшүнүккө келбейт. Алар оозеки жүзүндөгү булактар катары кабыл алынат.

Акыркы учурларда мифологияга каршы жүргүзүлгөн мамилелер, мифологиянын жалгыз легенда жана икая түрүнөн болбой тургандыгын көрсөтүп турат. Мифологиянын динди кабылдоого, же болбосо ишенимге таандык оозеки түшүндүрмөлөр болушу менен, коллективдүү түрдө жасалган майрамдоолорду жана ритуалдарды мифологияга кошуу керек. Ошондуктан мифология өтмүштүн, ыйыктуулуктун жана культуранын өткөрүлүшү болуп саналат. Бул жерде түшүндүрүү, икая кылуу, мифтерди түшүндүрүү да

[10] Faruk Sumer, "Oguzlar ait Destani Mahiyetteki Eserler" ADTCFD 1959 XVII том, 106-бет.
[11] Kemal Abdullah, Gizli Ded Korkut (Азербайжан тилинен которгон Али Дуймаз) Otuken, Istanbul 1997, 15-бет.
[12] Дастан жана мифология түшүнүгү жөнүндө маалымат үчүн караңыз: Perlev Naili Soratov, 100 soruda Turk Edebiyati, Gercek Y. Istanbul 1995, s. 35-108.

жеткиликтүү эмес. Балким бул түрдө оозеки түшүндүрүү түрлөрү, мифтин белгилүү түрү болушу мүмкүн. Андай учурда мифтердин майрамдоо жана ритикалык жактары бар. Бул жерде мифтер оозеки түрүндө түшүндүрүлбөйт, мааниси жагынан бүтүндөй айырмаланып шан-шөкөт түрүндө.[13]

Мындай түшүнүк, мифологияда жаңы көз караштын туулушуна алып келет. Мифологияга бул көз карашта жакындашуу, этнографиялык изилдөөлөр учурунда топтолгон материалдар диний майрамдардын жана салттардын, кыймыл- аракеттердин жана түрлөрүнүн да мифология тегерегинде баалоо керек.

Мифологиянын бизди кызыктырган жагы, бир канча түрк элдеринде топтолгон мифтердин, исламга чейинки түрк философиясы менен байланышта болушу мүмкүн. Бул жактан мифологиянын булак катарында колдонушу же колдонулбагандыгын өзүнчө бөлүп кароо керек.

Мифологиялык материалдардын жаңыдан колдонулушу эски заманда башталган. Муну менен бирге бул доордо мифологиянын салыштырмалуу (Allegorik) жорумдары кыйынчылыктарды алып келген.[14] Кийинки кылымдарда да мифологияга каршы жүргүзүлгөн түрдүү иш аракеттер бар. Мисалы кайра жаралуу философторунун көпчүлүгүнүн көз карашы боюнча миф- бул түшүнүксүз ойлордун жыйындысы.[15]

Мифологияга болгон көз караштардан башка мифологиянын бардык элдерде болгондугу эч тартышылгыс нерсе. Мифология кечээ бар эле, бүгүн да бар, эртеңки күнү да болот. Мифологияда рационалдык бир канча жеке адамдык пикирлерди жолуктуруу же аларды ыймандын жыйындысы катары көрүү же мифологиянын бар экендигин тигил же мындай таасирлендирбөөдө.

Булар тышкы дүйнө менен болгон байланышын салыштыруу. Мифологиянын бизге калтырган негизги тарыхый материалдар. Мифологиянын мазмунуна кайсыл бир изилдөөчүнүн аралашуусуна(ортого түшүүсүнө) акысы жок. Дагы аларга бир канча этикалык жана акыл принциптерге баш калкалоого да акысы жок. Эң негиздүүсү мифологиядагы маселелерди обьективдүү түрдө анализдөөгө аракеттенүү, кийин такталган маселелерди рационалдык даражага ээ болсо бизге калтырган маалыматтар бул багытта талкууланат. Бирок бош ишеним түрүндө берилген маселелерди мифологиянын тили менен эмес, анадан башка бир дисциплинанын тили менен аныктоо керетигин унутпоо керек.

Ошол эле түрдө мифологиянын кийин бааланышы жана жазууга түшүрүлүшү, алардын акыркы учурларда формага ээ болду деген түшүнүккө келбейт. Албетте мифологияда акыркы замандардын тоскоолдуктарын көрүү мүмкүн. Бирок алардын тарыхын башталышынан бери калтырган издери эски (arkai) элементтерин да өзүндө алып жүргөндүгүн унутпоо керек.

Чындыгында XIX кылымда В. Родлов жана Вербитский тарабынан топтолгон түрк мифологиясын эски элементтер түзөт.

Акырында мифология, өзү жалгыз тарыхый бир ой-пикирди пайда кылууга алсыз. Муну менен бирге, кандайдыр бир жазылуу булак менен салыштырбастан, бир канча тарыхый жана этникалык байланыштарды курууда этияттык менен булак катарында колдонууга болот.

---

[13] Маалымат үчүн караңыз: E. M. Meletinski: " Mifologiceskie Teori XX . V. Na Zapade", Vaprosi filosofi: 7. "Pravda", Moskva 1971, ss. 162-171.

[14] Маалымат үчүн караңыз: E. M. " Mifologiceskiye Filosofiy Slovar, Sovetskaya Ensklopediya, Moskva 1989, s. 369.

[15] Ernst Cassirer, Devlet Efsanesi, cev. Necla Arat, Remzi Kitabevi, Itanbul 1987, s. 183.

Ошону менен бирге түрк диний ой-пикири менен байланышкан этнографиялык изилдөөлөр да исламга чейинки түрк ой-пикирин түшүнүү жагынан маанилүү болуп эсептелет. СССР заманында жасалган этнографиялык изилдөөлөр бул тема боюнча өтө маанилүү. Этнографиялык изилдөөлөрдүн маанилүүлүгү, түшүнүксүз тарыхый бир канча маалыматтардын өнүгүшүнө салым кошуусу саналат. Акыркы доорлордогу этнографиялык изилдөөлөр, албетте бүтүндөй, өз башынча, өтмүшкө багытталган тарыхый маалымат катары кабыл алынбайт. Бирок унутулбай турган нерсе, баарыдан мурда этнографтар тарабынан жазылган ритуалдардын түшүнүгү түрдүү тарыхый замандарда жана шарттарда, түрдүү диний чөйрөдө өзгөрсө да формалдуу түзүлүштөрү тарыхтын тереңине чейин жетет.

Өзгөчө шаманизм жөнүндө жасалган бул иликтөөлөр, өтмүштө түшүнүлбөгөн бир канча диний тойлор жана майрамдардын өнүгүшү үчүн колдонулган. Ошондуктан этнографиялык изилдөөлөр жана толуктоолор да исламга чейинки түрк философиясын түшүнүүдө булак катарында колдонулушу зарыл.